КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2022-жылдын "15" августу №21 Ак-Өлөң айылы

## Көк-Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине 2022-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен ашыкча түшкөн 2000000 сом акча каражатын кароо жана бекитүү жөнүндө

Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк- Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Көк – Мойнок айыл аймагынын бюджетинин 2022-жыл 6 айынын жыйынтыгы менен киреше бөлүгүнүн планы 2000000 сомго көбөйтүлсүн;

1. Көк – Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү бюджетке 2022-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен ашыкча түшкөн 2000000 сом акча каражаты төмөнкүчө бөлүштүрүлсүн:

1) Социалдык обьектилерге көмүр сатып алууда бюджетте мурда каралган акча каражатына кошумча 52 000 сом;
2) Кызматтык автоунаага автотетиктерди сатып алууга 25 000 сом;
3) Ак-Өлөң айылынын ФАПынын ремонтуна мурда каралган акча каражатына кошумча - 19 000 сом;
4) Көк- Мойнок-1 айылындагы орто мектептин ремонтуна кошумча 173000 сом;
5) Көк- Мойнок -2 орто мектебинин тосмосуна кошумча 100 000 сом;
6) АБЗ участогун жарык менен камсыз кылууга (опора, зым сатып алууга)150 000сом;
7) Айыл аймактын ички жолдорун оңдоого 80 000 сом;
8) Жаратылышты пайдалануу боюнча келишимдин негизинде 36 000 сом
9) Аксакалдар сотунун ишмердүүлүгүн уюштурууга 15 000 сом ;
10) Айылдык кеңештин печатын жаңыртуу үчүн 3 000 сом;
11) Айылдардын ичине жол белгилерин коюууга 70 000 сом;
12) Соц обьектилерди камсыздандырууга 95 000 сом;
13) Айыл аймагындагы жол чырактарын ремонтоого 70 000сом;
14) Көк- Мойнок-2 айылындагы ФАПтын ремонтуна кошумча 250 000 сом;
15) ПСД, АПУ, ИТУ сметчик, техникалык көзөмөл, эксперт кызматын сатып алууга жана башка чыгымдарга 702000 сом;
16) Өкүлчүлүктүн чыгымдарына (представительские расходы) 30 000 сом.
17) Көк-Мойнок-1 айылына ФАП куруугa кошумча 130 000 сом.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысы М.Р. Койгелдиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К. Мамытбаев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>КӨК-МОЙНОК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КОК-МОЙНОКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

2022-жылдын 15-августу № 22 Ак-Өлөң айылы

**Жер аянтын которуу ( трансформациялоо) жөнүндө**

Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында "Улуу көчмөндөр мурасы" улуттук холдинг компаниясынын кайрылуусунун негизинде Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**. Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын "Кызыл-Саз" участкасынан №167,168 контурларында жайгашкан 100,0 гектар жайыт түрүндөгү жер аянтын "**Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер**" категориясына которууга макулдук берилсин.

**2**. Жерди трансформациялоо боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**3.** 100,0гектар жайыт жер аянтын "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформация) жагы Тоң райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

**Төрага** **Мамытбаев К.А.**